о

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН
ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО КҮНҮ
17-НОЯБРЬ 2024

# Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоодо талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн тартиби

# Шайлоо өнөктүгүн каржылоо маселелерин укуктук жөнгө салуу

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн, каражаттардын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын эсепке алуунун тартиби төмөндөгүлөр менен жөнгө салынат:**

1. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы №98 Мыйзамы (2024-жылдын 30-сентябрындагы №167 редакциясына ылайык);
2. “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүүнүн, акча каражаттарын эсепке алуунун жана чыгымдалышынын тартиби жөнүндө” жобо (КР БШКнын 2016-жылдын 11-октябрдагы №154 токтому менен бекитилген (2024-жылдын 16-сентябрындагы № 119 редакциясында)

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Талапкерлер өзүн-өзү көрсөткөн учурдан тартып, саясий партиялар жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди/талапкерлердин тизмесин көрсөткөн учурдан тартып өздөрүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн шайлоо фонддорун түзүүгө милдеттүү.**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

## Шайлоо фонддорун түзүшөт:

| | | |
|---|---|---|
| **Жарандар** (жеке же ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу) | **Айылдык кенеш** | өзүн-өзү көрсөткөн учурдан тартып АШКга каттоо үчүн документтерди тапшырганга чейин |
| **Талапкерлерди** көрсөткөн **саясий партиялдар** (ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу) | | талдапкерлерди көрсөткөн учурдан тартып АШКга каттоо үчүн документтерди тапшырганга чейин |

| | | |
|---|---|---|
| **Талапкерлердин тизмесин** көрсөткөн **саясий партиялдар** (ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу | **Шаардык кенеш** | саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо комиссиясы тарабынан катталгандан кийин 5 календардык күндүн ичинде |

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары



**1. Саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөөсү талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.**

**Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин *келип түшүүлөрү*** (талапкерлердин, саясий партиялардын өздүк каражаттары, ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары түрүндө) жана шайлоо алдындагы үгүт иштерине байланыштуу ***чыгашалары жок болгон учурда***, шайлоо фонддорун түзө албайт.

**2.** Шайлоо фондусун тузгөн бардык каражаттар улуттук валютадагы банк мекемесиндеги* атайын эсепке которулат.

Бул эсептер боюнча кирешелер чегерилбейт.

**3. Жеке шайлоо фонддорун түзүүгө төмөндөгүлөрдүн укугу жок:**

- айылдык кенешке саясий партиялар көрсөтүшкөн талапкерлер,
- саясий партия тарабынан шаардык кенешке талапкерлердин тизмеси боюнча көрсөтүлгөн талапкерлер.

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**4.** - Айылдык кенешке өзүн өзү көрсөтүшкөн жарандар,
- айылдык кенешке талапкерлерин көрсөтүшкөн саясий партиялар,
- шаардык кенешке талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн саясий партиялар

**өздөрүнүн шайлоо фондун түзүү үчүн бир гана атайын эсеп ачууга укуктуу.**
**Бул эсеп талапкер, саясий партия тарабынан тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын уруксаты менен ачылат.**

**Талапкерлердин, саясий партиялардын атайын эсептерин ачуу жана жүргүзүү, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунан түшкөн каражаттардын эсебин жана отчетун жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо банк мекемелери менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.*

ЭЛДИК БАНК
эл үчүн

АЙЫЛ БАНК

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Өзүн-өзү көрсөткөн талапкерлердин, саясий партиялар тарабынан айылдык кеңештерге көрсөтүлгөн талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкүдөй каражаттардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:**

| | |
|---|---|
| **Талапкердин жеке каражаттары** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Саясий партиянын жеке каражаттары** | **100 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары*** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |

**Ыктыярдуу кайрымдуулук*** *- талапкердин, саясый партиянын шайлоо фондунун атайын эсебине өз каражаттарынын акысыз чегерүүлөрү таанылат.*

## Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

Талапкердин (анын ичинде саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкердин) чыгашаларынын чеги шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен айылдык кеңештерге

**500 000 сомдон ашпоого тийиш**



# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Бишкек жана Ош шаардык кенештерине** талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкүдөй каражаттардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

| | |
|---|---|
| Талапкердин жеке каражаттары | 100 000 сомдон ашпоого тийиш |
| Саясий партиянын жеке каражаттары | 500 000 сомдон ашпоого тийиш |
| Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | 100 000 сомдон ашпоого тийиш |
| Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | 300 000 сомдон ашпоого тийиш |

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Бишкек жана Ош шаардык кенештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын чыгашаларынын жогорку чеги**

**15 000 000 сомдон ашпоого тийиш**



# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Шаардык кенештерге (Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо),** талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларлардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзулушу мумкун:

| | |
|---|---|
| **Талапкердин жеке каражаттары** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Саясий партиянын жеке каражаттары** | **500 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары** | **100 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары** | **200 000 сомдон ашпоого тийиш** |

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Шаардык кенештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын чыгашаларынын жогорку чеги (Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо)**

**5 000 000 сомдон ашпоого тийиш**



# Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук кылышына **тыюу салынат:**



1) чет өлкөлүк мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн, чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын, чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар катышуучу болуп саналган, Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактардын;
2) жарандыгы жок адамдардын;
3) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;
4) мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен ишканалардын;
5) уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүшү болгон, ошондой эле салыктарды, жыйымдарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;
6) аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;
7) укук коргоо органдарынын, соттордун;
8) кайрымдуулук иши менен алектенген уюмдардын;
9) диний уюмдардын;
10) **жашыруун кайрымдуулуктар** (жашыруун кайрымдуулук кылуучу деп өзүнүн төмөнкү маалыматтарынын бирин: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

## Талапкердин, саясый партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин шайлоо фондуна төмөнкүлөргө каражаттарды чегерүүгө тыюу салынат:



- Жак катары уюштурулбаган ишкердик менен алектенген жеке жактар,
- Мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна карызы бар жеке жана юридикалык жактар .

Эгерде көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар шайлоо фондуна акча каражаттарын которсо, талапкер, саясий партия жоопкерчиликке тартылбайт.

Эгерде талапкердин, саясый партиянын шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн каражаттар келип түшсө, соттун чечими боюнча банк мекемеси бул каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондуна (депозиттик эсебине) которууга милдеттүү, ал өз кезегинде бул каражаттарды мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которот.

# Атайын эсептерди ачуунун тартиби

**1-кадам.** Шайлоо фондун түзүү үчүн талапкер, талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия атайын эсеп ачууга документтерди даярдоо үчүн №1 формадагы арыз менен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына кайрылат.

**2-кадам**. Тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынан №2 форма боюнча атайын эсеп ачууга жазуу жүзүндөгү уруксатты алгандан кийин айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлер, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди/талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар *шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачышат.*

**3-кадам**. Талапкер, саясий партия атайын эсеп ачылган күндөн тартып үч күндүн ичинде аймактык шайлоо комиссиясына №3 форма боюнча өзүнүн шайлоо фондунун эсеп реквизиттерин жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

# Атайын эсептерди ачуунун тартиби

**Атайын эсепти ачуу ыйгарым укуктуу банк мекемеси тарабынан банк мекемеси талап кылган документтер жана тиешелүү шайлоо комиссиясы (АШК) тарабынан төмөнкүдөй документтер берилгенден кийин дароо жүзөгө ашырылат:**

1) №2 формадагы тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын жазуу жүзүндөгү уруксаты;

2) талапкердин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо жөнүндө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөлөрү(эгер ал дайындалса);

3) каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөлөрү (эгер дайындалса).

**Атайын эсепти тейлөөнүн бардык шарттары банктык эсепти тейлөө келишиминде чагылдырылышы керек.**

# Атайын эсептерди жабуунун тартиби

Шайлоо фондунун атайын эсеби банк мекемеси тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча талапкер, саясий партия тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жыйынтыктоочу финансылык отчетту бергенден кийин жабылат.

# Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу

Тиешелүү шайлоо фондуна жеке жактардан түшкөн ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөткөндө гана банк мекемеси тарабынан кабыл алынат.

***Анонимдүү кайрымдуулуктарды болтурбоо үчүн*** төлөм документтеринде донордун фамилиясы, аты жана атасынын аты, туулган датасы, жашаган (катталган) дареги, жарандын паспортунун сериясы жана номери көрсөтүлөт, алар банктын кызматкери тарабынан паспорттук маалыматтар менен текшерилет.

Накталай кайрымдуулук квитанцияларында донордун толук маалыматы "*төлөмдүн максаты*" графасында көрсөтүлөт. Көрсөтүлгөн акча каражаттарын акча каражаттарын кабыл алган банктан шайлоо фонду жайгашкан банкка которууда **төлөм тапшырмасында донордун реквизиттери толук көрсөтүлүүгө тийиш**.

Ошол эле учурда төлөм тапшырмасында, квитанциясында төлөм коду милдеттүү түрдө төлөм жүгүртүүнүн мамлекеттик классификаторуна (ГКПО) ылайык көрсөтүлүүгө тийиш.

# Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу

**Юридикалык жактардан шайлоо фондуна келип түшкөн ыктыярдуу кайрымдуулуктарды банк мекемеси тиешелүү салык кызматынан жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун филиалынан бюджетке карызы жок экендиги жөнүндө маалымкаттарды көрсөткөндө гана кабыл алынат.**

***Юридикалык жактардын*** **төлөм документтеринде "төлөмдүн максаты" графасы төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:**

- ГКПОго ылайыктөлөм коду,
- салык төлөөчүнүн идентификациялык номери,
- юридикалык жактын толук аталышы,
- жайгашкан дареги

## Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу



**Жарандар жана юридикалык жактар шайлоо фонддору аркылуу гана финансылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө укуктуу!**

**Убактылуу пайдаланууга материалдык баалуулуктарды берүү жолу менен шайлоо ишин материалдык жактан камсыз кылуу тиешелүү келишимдер түзүлгөндө жана шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнгөн шартта гана мүмкүн болот.**

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешуу

**Саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу айрым жумуштарды (кызматтарды) аткаргандыгы/көрсөткөндүгү жөнүндө жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдер (макулдашуулар):**

- **талапкердин өзү же анын шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, ал эми саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу - саясий партиянын шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан гана жекече түзүлөт;**
- **добуш берүү күнүнүн алдындагы күндөн кеч түзүлүшү мүмкүн эмес;**
- **Кыргыз Республикасынын бойго жеткен жарандары менен гана түзүлүшү мүмкүн;**
- **төлөм талапкерлердин, саясий партиялардын атайын эсептеринен гана жүргүзүлөт;**
- **талапкердин, саясий партиянын жана юридикалык жактардын ортосундагы айрым иштерди аткаргандыгы (кызмат көрсөткөндүгү) үчүн төлөмдөр *накталай эмес тартипте гана* жүзөгө ашырылат.**

Мында талапкердин, саясий партиянын шайлоо өнөктүгү менен байланышкан белгилүү бир иштерди аткарганы (кызматтарды көрсөткөнү) үчүн даректүү социалдык жардам алуучу аз камсыз болгон жана жеңилдиктерге укугу бар адамдарга накталай эмес эсептешүү боюнча акы төлөнүүсү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган үчүн мыйзамдарда каралган социалдык төлөмдөрдү төлөөдөн баш тартуусуна себеп болбойт.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешуу

**Жарандар жана юридикалык жактар тарабынан акы төлөнүүчү жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр** **жазуу жүзүндө түзүлүүгө тийиш** (келишим, эсеп-фактура, коштомо длокументтер, кабыл алуу актысы ж.б., тапшырыкчынын жана подрядчынын колтамгасы коюлуп, мөөрү басылат.)

**Келишимдер төмөнкүлөрду камтууга тийиш**:



- тараптардын чоо-жайы,
- тапшырылган иштин көлөму жөнүндө маалымат,
- анын баасы,
- иштин түрү боюнча баалар (сметалык наркы),
- төлөө тартиби,
- ишти бүтүрүү мөөнөттөру,
- тараптардын жоопкерчилиги жана башка шарттар.

Аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөр тапшырыкчы (финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана подрядчы тарабынан кол коюлган сатылган продукцияга кабыл алуу акттары же эсеп-фактуралар менен ырасталышы керек.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүү

**Жарандар жана юридикалык жактар үчүн шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого, жайгаштырууга жана жайылтууга байланыштуу тапшырыктарды жол-жоболоштуруу үчүн талаптар:**

**Бардык басма жана башка жарнамалык материалдар төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:**

- үгүт материалдарын чыгарган уюмдун аталышы жана дареги (адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты жана жашаган жеринин дареги);
- үгүт материалдарын даярдоого заказ берген адамдын (уюмдун, жеке ишкердин) фамилиясы, аты, атасынын аты;
- нускасы тууралуу маалымат;
- алардын чыккан күнү жөнүндө маалымат,
- аларды өндүрүү үчүн тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөм жөнүндө маалымат;
- ошондой эле тапшырыкты төлөгөн талапкердин, саясый партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты.

**Бул маалыматты камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат!**

## Ошондой эле төмөндөгүлөргө тыюу салынат:



- **шайлоо фондунун каражаттарынан алдын ала төлөбөстөн** үгүт материалдарын даярдоого,
- юридикалык жактар, алардын филиалдары, өкүлчүлүктөрү шайлоо менен түздөн-түз же кыйыр түрдө байланышкан иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатууга, ошондой эле жеке жактар тарабынан **бекер аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн баалар боюнча аткарууга,**
- жарандар жана юридикалык жактар **шайлоо фонддорунун атайын эсептерин айланып өтүү менен (шайлоо фонддорунун атайын эсептерин пайдаланбай туруп)** талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоого көмөктөшүүгө, талапкердин, саясий партиянын ишин финансылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө.

# Шайлоо күрөөсү

**Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия катталганга чейин жана берилген документтерди текшергенден кийин өзүнүн шайлоо фонддорунун каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине *шайлоо күрөөсүн* салат, ал жөнүндө тиешелүү банктык документин алат.**

**Шайлоо күрөөсү төмөнкүдөй өлчөмдө белгиленет**:

1) Бишкек жана Ош шаардык кеңештерине – **50 000 сом;**
2) шаардык кеңештерге (Бишкек жана Ош шаарларынан тышкары) – **20 000 сом.**

***(*«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамдын акыркы редакциясы менен айылдык кеңештерге талапкерлердин шайлоо күрөөсүн төлөөсү жокко чыгарылган).***

# Шайлоо күрөөсү

Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмеси каттоо учун: саясий партиялар ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу ***тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына добуш берүү күнүнө 40 календардык күндөн кечиктирбестен БШКнын депозиттик эсебине*** (440201210000945 эсеп, төлөм коду 14511900) **шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн ырастоочу документти** беришет (*2024-жылдын 7-октябрын кошуп алганда).*

## Шайлоо күрөөсү кайтарылып берилет:

Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга:

1) шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн фондусун өлчөмү жана түзгөн бардык булактары, ошондой эле бардык чыгашалары жөнүндө отчетту берген шартта, добуш берүүгө катышкан **шайлоочулардын кеминде 15% алгандарга**;

2) эгерде тиешелүү шайлоо комиссиясы **талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алса;**

**Күрөөнүн калган суммасы бюджетке чегерилет.**

Эгерде саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоо мыйзам бузуунун натыйжасында добуш берүү күнүнө чейин жокко чыгарылса, саясий партия төлөгөн ***шайлоо күрөөсү*** кайтарылып берилбейт жана бюджетке чегерилет.

# Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгашаларынын эсеби

Шайлоо фонддорунун каражаттарын башкаруу укугу талапкерлерге, аларды түзгөн саясий партияларга таандык.

Шайлоо фонддору максаттуу багыттарга ээ жана алар шайлоо өнөктүгүнө байланышкан чыгымдарды жабууга гана пайдаланылышы керек, атап айтканда:

1. шайлоо алдындагы үгүттүн уюштуруу-техникалык иш-чараларын финансылык жактан камсыз кылууга;
2. шайлоо күрөөсүн төлөөгө;
3. төмөнкү товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөгө:
   - *маалыматтык жана консультациялык кызматтар;*
   - *пропагандалык материалдарды даярдоо жана таратуу;*
   - *жайларды жана жабдууларды ижарага алуу;*
   - *транспорттук жана иш сапары чыгымдарын жабуу;*
   - *байланыш кызматтары;*
   - *кеңсе буюмдарын, жабдууларды сатып алуу;*
   - *талапкердин жарыяларын жана сүйлөгөн сөздөрүн жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо;*
   - *шайлоо алдындагы жолугушууларды жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү.*

## Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгашаларынын эсеби

**Талапкерлер, саясий партиялар каражаттардын келип түшүү булактары жана финансылык операциялар жөнүндө маалыматтарды чечмелөө менен өзүнүн шайлоо фондунун атайын эсеби боюнча акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүгө милдеттүү.**

# Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгашаларынын эсеби

## Салык салуу жана камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө боюнча:

**1.** Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы №3 Салык кодексинин **191-беренесинин 7-бөлүгүнүн 8-пунктунда** мындайча баяндалган**:**
*«..Шайлоо комиссияларында талапкердин же саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, байкоочусунун, ишенимдүү адамынын, өкүлүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырганы, ошондой эле шайлоо өнөктүгүн, референдум өнөктүгүн өткөрүүгө түздөн-түз байланышкан үгүт кызматтарын аткарганы үчүн талапкердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарынан жана шайлоо өнөктүгү, референдум өнөктүгү мезгилинде референдум тобунун фондунун каражаттарынан жеке жак алган суммаларга »* **киреше салыгы салынбайт**.

**2. «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» 2004-жылдын 24-январы № 8 КР Мыйзамынын 17-бөлүмүнүн 12-беренесинде** төмөндөгүдөй баяндалган:
**«…***шайлоо кампаниясын же референдум өткөрүү учурунда үгүттөөчү, байкоочу, ишенимдүү адам, ыйгарым укуктуу өкүл катары иштөөдөн алынган кирешелерге, сый акыларга же суммаларга»* **камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилбейт.**

## Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгашаларынын эсеби

**Өз кезегинде, банктык мекемелер ар жума сайын, ал эми БШК талабы боюнча – 24 сааттын ичинде келип түшүүлөр жана талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде болгон каражаттарды чыгымдоо жөнүндө БШК маалматтарды берүүгө милдеттүү.**

Көрсөтүлгөн маалымат электрондук форматта ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу жана/же кагаз жүзүндө жетекчинин колу (анын ичинде электрондук) жана банк мекемесинин мөөрү менен берилет.

Бул маалыматты берүү жөнүндө жобо банк эсебин тейлөө келишиминде камтылган.

# Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгашаларынын эсеби



Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерин тейлөөчү банк мекемелери үчүн **добуш берүү күнүнөн мурунку күн** **<u>жумушчу күн болуп саналат</u>.**

**Шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоо менен байланышкан бардык финансылык операциялар шайлоо күнүнөн мурунку күнү саат 18:00дө токтотулат.**

# Финансылык отчеттуулук

**Талапкерлер, саясий партиялар буларга милдеттүү:**

өзүнүн шайлоо фондун түзүүнүн өлчөмдөрү жана бардык булактары, ошондой эле бардык өндүрүштүк сарптоолор жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясына отчет берүүгө.

**1) Биринчи финансылык отчет** –*добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 6-ноябрын кошуп алганда)*

**2) Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчет (жыйынды маалыматтар)** - *добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 27-ноябрын кошуп алганда).*

Финансылык отчет № 7-форма боюнча кагазда алып жүрүүчүдө жана электрондук версияда (кол коюлган жана мөөрү бар сканирленген көчүрмөсү) жана БШК белгилеген электрондук алып жүрүүчүдө EXCEL форматында берилет.

Отчеттогу маалымат отчет берилген күндөн 3 күндөн ашпаган мөөнөткө мурунку күнгө карата түзүлөт.

# Финансылык отчеттуулук : негизги талаптар

**Экинчи корутунду финансылык отчетко** атайын эсепке акча каражаттарынын келип түшкөндүгүн жана бул каражаттардын чыгымдалышын ырастоочу кагаздагы бардык баштапкы финансылык документтердин (эсеп-фактуралар, келишимдер, кабыл алуу актысы, банктык көчүрмөлөр ж.б.) түп нускалары тиркелет.

Жыйынтыктоочу финансылык отчетто алгачкы финансылык документтер атайын эсептердеги финансылык операцияларды чагылдыруу чарасы боюнча *хронологиялык ырааттуулукта тандалып алынышы керек*. Мында шайлоо фондунун атайын эсептеринен көчүрмөлөр негиз болуп кабыл алынат, аларга акча каражаттарын эсепке чегерүү же болбосо эсептен чыгаруу үчүн негиз болгон зарыл документтер тиркелет.

Жыйынтыктоочу финансылык отчет *брошюраланган түрдө берилүүгө жана тиркемелерди кошуп алганда, беттердин өтмө номерлери болууга тийиш*.

Шайлоо комиссиясынын суроо-талабы боюнча кандайдыр бир суроолор келип чыкканда финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр *жыйынтыктоочу финансылык отчетко түшүндүрмө катты беришет*.

## Финансылык отчеттуулук : негизги талаптар

1. Талапкердин финансылык отчетуна (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу) *талапкер жана каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл (эгерде бар болсо) өзу кол коет*.

2. Саясий партиянын финансылык отчетуна (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу) талапкерди, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын жетекчиси же саясий партиянын аймактык бөлүмүнүн башчысы жана финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл кол коет жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

3. Корутунду финансылык отчетторду АШКга берүү кабыл алуу акттары менен ырасталат.

4. Корутунду финансылык отчет берилгенге чейин атайын эсептеги жумшалбай калган акча каражаттары добуш берүү күнүнөн кийин талапкерге, саясий партияга, кайроымдуулук кылуучуларга кайтарылып берилет.

5. Талапкердин финансылык отчетун өткөрүү милдети жеке өзүнө, же болбосо финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө, саясий партияныкы – финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө жүктөлөт.

# №7 форма

(шайлоо өнөктүгүнүн аталышы)

202__ ж. «___» _______________ 202___ж. «___» __________________ мезгил үчүн талапкердин/саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө

**КАРЖЫЛЫК ОТЧЕТ**

**(талапкердин Ф.А.А. / саясий партиянын аталышы)**

**(банк реквизиттери, атайын эсептин №)**

| Саптын коду | Каражат булагынын жана чыгым түрүнүн аталышы | Сум с |
|---|---|---|
| | **Отчеттук мезгилдин башталышына калдык** | |
| **55220000** | **Шайлоо фондуна/референдум фондуна акча каражаттары келип түштү, анын ичинде:** | |
| 55221000 | Талапкердин өз каражаттары | |
| 55222000 | Саясий партиянын өз каражаттары | |
| 55223000 | Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | |
| 55224000 | Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | |
| | **Акча каражаттарын кайтарып берүү, анын ичинде:** | |
| 55211000 | Төлөм тапшырмасында реквизиттердин туура эмес көрсөтүлүшүнө байланыштуу акча каражаттарынын кайтарылышы (сторно) | |
| | Кайрымдуулук кылуучуларга каражаттырын кайтарып берүү (сторно) | |
| | **Шайлоо фондунан каражаттар чыгымдалды, бардыгы анын ичинде** | |
| **10000000** | **Мамлекеттик бюджетке кирешелер боюнча төлөмдөр, бардыгы:** | |
| 11111100 | Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | |
| 11111200 | Бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы | |
| 11122100 | Милдеттүү патенттик салык | |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттик салык | |
| 12111000 | Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү, анын ичинде: | |
| 12111110 | Пенсиялык фондго, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү | |

# №7 форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| 12111120 | Полистер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрү (Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондду кошпогондо) | |
| 12111210 | Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү | |
| 12111220 | Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фонддун полиси боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү | |
| 14511900 | Башка салыктык эмес кирешелер (шайлоо күрөөсүн төлөө) | |
| **41000000** | **Товарлар үчүн төлөмдөр, бардыгы:** | |
| 41090400 | Кийим жана аксессуарлар | |
| 41100400 | Кеңсе товарларын сатып алуу | |
| 41100500 | Күйүүчү-майлоочу материалдарын (бензин, дизель жана башка күйүүчү отун) сатып алуу | |
| 41100600 | Запастык бөлүктөрдү сатып алуу | |
| **42000000** | **Кызмат төлөмдөрү, бардыгы:** | |
| ***42110000*** | ***Иш сапар чыгымдары, бардыгы:*** | |
| 42111000 | Ички иш сапар чыгымдары, анын ичинде: | |
| 42111100 | Транспорт чыгымдары | |
| 42111200 | Мейманкана чыгымдары | |
| 42111300 | Күнүмдүк чыгымдар | |
| 42111900 | Башка чыгымдар | |
| 42112000 | Чет өлкөгө иш сапар чыгымдары, анын ичинде: | |
| 42112100 | Транспорт чыгымдары | |
| 42112200 | Мейманкана чыгымдары | |
| 42112300 | Күнүмдүк чыгымдар | |
| 42112900 | Башка чыгымдар | |
| ***42121000*** | ***Коммуналдык кызматтар, анын ичинде:*** | |
| 42121100 | Муздак суу жана саркынды суулар үчүн төлөмдөр | |
| 42121200 | Электр энергиясы үчүн төлөм | |
| 42121300 | Жылуулук жана ысык суу үчүн төлөмдөр | |

# №7 форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| 42121400 | Газ үчүн төлөм | |
| 42121500 | Лифт үчүн төлөм | |
| 42121600 | Таштанды чыгаруу үчүн төлөм | |
| 42121999 | Башка кызматтар үчүн төлөмдөр | |
| ***42122000*** | ***Байланыш кызматтары, анын ичинде:*** | |
| 42122100 | Интернет кызматтары | |
| 42122500 | Программаларды берүү кызматтары - телеберүүлөр, радиоуктуруулар | |
| 42122600 | Телефон жана факс кызматтары | |
| 42122700 | Мобилдик байланыш кызматтары | |
| 42122800 | Почта жана курьер кызматтары | |
| 42122900 | Башка телекоммуникация кызматтары | |
| ***42131000*** | ***Ижара төлөмү, анын ичинде:*** | |
| 42131100 | Имараттарды жана жайларды ижарага алуу | |
| 42131200 | Жабдууларды жана инвентарды ижарага алуу | |
| 42131300 | Транспорт каражаттарын ижарага алуу | |
| 42131900 | Башка мүлктү ижарага алуу | |
| ***42151000*** | ***Башка кызматтар (маалыматтык жана кеңеш берүүчү кызматтар), анын ичинде:*** | |
| 42151110 | Юридикалык кызматтар | |
| 42151210 | Башка консультациялык кызматтар | |
| 42151310 | Коопсуздук кызматтары | |
| 42151410 | Маалыматтык технологиялар кызматтары | |
| 42151510 | Банктык кызматтар | |
| 42151610 | Аудитордик кызматтар | |
| 42151710 | Бухгалтердик кызматтар | |
| 42151900 | Келишим боюнча көрсөтүлгөн башка кызматтар | |

# №7 форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| ***42152000*** | ***Мүлктү, машиналарды жана жабдууларды тейлөө, анын ичинде:*** | |
| 42152110 | Имараттарды жана жайларды учурдагы тейлөө | |
| 42152130 | Жабдууларды жана инвентарды учурдагы тейлөө | |
| 42152140 | Эмеректи учурдагы тейлөө | |
| 42152150 | Компьютердик техниканы жана офистик оргтехниканы учурдагы тейлөө | |
| 42152190 | Башка учурдагы тейлөө | |
| **43000000** | **Активдер үчүн төлөмдөр, бардыгы:** | |
| ***43410000*** | ***Эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу үчүн төлөмдөр, анын ичинде:*** | |
| 43411000 | Эмерек сатып алуу | |
| 43412000 | Компьютердик жабдууларды сатып алуу | |
| ***44000000*** | ***Кызматкерлерге эмгек акы, анын ичинде:*** | |
| 44001100 | Эмгек акысы | |
| 44001200 | Келишимдер боюнча алдын ала төлөмдөр | |
| 44001300 | Жөлөкпулдар | |
| 44001400 | Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | |
| 44001900 | Башка төлөмдөр | |
| ***45000000*** | ***Социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар жана пенсиялар, анын ичинде:*** | |
| 45010000 | Мамлекеттик эмес пенсиялык фонддун пенсиялары | |
| **46000000** | **Жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматтар көрсөтүүлөрү, бардыгы:** | |
| ***46001100*** | Жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде: | |
| 46001200 | Басмаканалардын кызмат көрсөтүүлөрү | |
| 46001300 | Жарнама-басмаканалык кызмат көрсөтүүлөр | |
| 46001400 | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн маалымат материалдарын даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | |
| 46001900 | Башка кызмат көрсөтүүлөр | |

# №7 форма (уландысы)

| | Отчеттук мезгилдин аягына калдык | |
|---|---|---|

**Ушул каржылык отчетто көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын жана толуктугун ырастайм. Шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө шайлоо фондусундагы акча каражаттарынан башка каражаттар тартылган жок. Анык эмес маалыматтарды бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабы менен таанышканбыз.**

_______________________________________ _______________

**(талапкердин / саясий партиянын жетекчисинин Ф.А.А) (колу)**

**М.О.**

_______________________________________ _______________

**(каржы маселе боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ф.А.А.) (колу)**

**"___" _______________ 202**

# Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна көзөмөл жүргүзүү

- Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн жана акча каражаттарын чыгымдоонун тартибин контролдоону шайлоо комиссиялары ишке ашырат.
- Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын киреше булактарын, туура эсепке алынышын жана пайдаланылышын контролдоо, талапкерлердин, саясий партиялардын финансылык отчетторун текшерүү үчүн контролдук-текшерүү тобу түзүлөт. Контролдук-текшерүү тобун уюштуруунун жана ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясынын өзүнчө жобосу менен аныкталат.

# Шайлоо фонддорун финансылоонун айкындуулугу

**Төмөнкү маалыматтарды милдеттүү жарыялоо:**

- Жеке маалыматтар жана банктык жашыруун сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен № 5-форма боюнча банктык көчүрмө
- №7-форма боюнча (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу) талапкерлердин, СП финансылык отчеттор
- Шайлоо күрөөлөрүнөн келип түшкөн суммалар жөнүндө маалыматтар
- Талапкерлер, СП тарабынан кайтарылып берилген шайлоо күрөөлөрүнүн суммалары жана бюджетке чегерилген суммалар жөнүндө маалыматтар




**http://talapker.shailoo.gov.kg**

# Жоопкерчилик

**Талапкер, саясий партия тарабынан төмөнкүлөрдү бузуусу:**

- шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүүнүн жана чыгымдоонун тартибин;
- шайлоо фондун чыгымдоонун чектик суммасынан ашуу;
- финансылык отчетторду бербөө жана жарыялабоо;
- финансылык отчеттордо камтылган анык эмес маалыматтарды берүү,

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке (кылмыш жоопкерчилигине чейин) алып келет.**

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо талапкер, саясий партия өзүнүн шайлоо кампаниясын финансылоодо төмөкүлөрдү пайдаланган учурда:

- шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттардын жалпы суммасынан 0,5% ашыкты түзгөн башка акча каражаттарды
- же болбосо талапкер, саясий партия тарабынан өзүнүн шайлоо фондунан каражаттарды чыгымдоосу талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан бардык чыгымдары белгиленген чектик суммадан 0,5 пайыздан ашса, **аймактык шайлоо комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгарууга укуктуу.**

**Бузуу фактысын ангыктоо максатында шайлоо комиссиясы көмөк көрсөтүү үчүн мамлекеттик бийлик органдарына, укук коргоо органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга кайрылууга укуктуу.**

# Көңүл бурганыздарга рахмат!

